*УДК 398.9; 80:808.5*

***Искендерова Ш. А., ф.и.к., доцент***
***И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети***
***Бишкек, Кыргызстан.***
***E-mail: azem.shirin@mail.ru***

# КӨКӨТӨЙ ЧЕЧЕН

# THE ORATOR KOKOTOY

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз чечендер чыгармачылыгында өзүнүн курчтугу, өткүрлүгү, сөздү таамай- таап сүйлөгөн кызыл тилдүүлүгү менен айырмаланган чечендик өнөрдүн мыкты чебери Көкөтөйдүн чыгармачылык өзгөчөлүгү каралат.*

***Аннотация****: В статье рассматривается особенности ораторского творчества и мастерство красноречии одного из одаренного оратора кыргызского народа Көкөтөя.*

***Abstract:*** *The article deals with the features of oratorical creativity and skill of one of the talented orator of the Kyrgyz people - Kokotoy.*

***Түйүндүү сөздөр****: чечендик өнөр, сөз, чыгармачылык, өнөрпоз, жанрдык өзгөчөлүк;*

***Ключевые слова:*** *ораторское искусство, слово, творчество, творческие люди, жанровая особенность;*

***Key words:*** *Oratory, word, creativity, creative people, jenre feature.*

Кыргызда сөз өнөрү жогору турган. Эзелтеден оозунда кеби бар адамдарга кылдат мамиле жасалып, ошого жараша баа беришкен: «Жакшы таап айтат, жаман каап айтат», «Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз», «Көпкөн жигит көп сүйлөйт, чечен жигит төп сүйлөйт» -деп айтылган. Тайманбай, тартынбай чындыкты бетке айта алган, учурунда сөздү таап сүйлөгөн чечендер, куудулдар, жомокчу, манасчы, дастанчылар калк арасында өтө жогору бааланган. Алардын арасында чечендер ойлоо сезиминин тездиги, сөздү салмактап калыс айткандыгы менен эл кадырына татыган. Сөздүн күчүнүн бийиктиги ушунда, эл бийлеген төбөлдөр да «ырчы менен элчиге өлүм жок» деп моюн сунууга аргасыз болушкан. Алардын коомдогу орду, өтөгөн кызматы зор болгондугун С.Закиров "чечендер элдин азабын, эрдин кунун бир сөз менен чечкен, сөздөн улуу, сөздөн курч нерсе жок" – деп белгилейт. [1.327].

Чечендер чыгармачылыгында Көкөтөй чечен өзүнүн курчтугу, өткүрлүгү, кылычтын мизинен да тартынбаган тайбастыгы менен, сөздү таамай- таап сүйлөгөн кызыл тилдүүлүгү менен айырмаланып турат. Көкөтөй тууралуу материалдарды Актан Тыныбеков чогултуп, анын мурастарынын бизге жетишине абдан көп кызмат кылган экен. Ал өзү да таланттуу төкмө акын, кара сөз чебери, комузчу жана элдик мурастарды да жыйноочу болгондуктан, Көкөтөй жөнүндөгү окуяларды, анын кылган иштери, жоруктары тууралуу баяндарды тизмектеп, өзүнүн жазып алуу чеберчилиги менен ирээтке келтирип, иштеп чыккандыгы байкалат. Ал эми анын жазып алып КУИАсынын кол жазмалар фондусуна тапшырган материалдары 1991-жылы "АКТАН" деген ат менен адабиятчы О.Соороновдун баш сөзүндө жарык көргөн. [2. 304].

А.Тыныбековдун материалында жана "Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктеринде" [3.394] белгиленгендей, Көкөтөй Нарындын Миң-Булак деген жеринде 1849-жылы туулган. Тынымсейит элинин жаманак уругунан болуп, атасынын (А.Тыныбековдун жазганы боюнча Көкөтөйдүн атасынын аты-Өмүрбек) 56 жашында көргөн үчүнчү уулу болгон. Ал ата-бабасынан бери жарды адамдардан болуп, колунда барлардын көзүн карап, малын багып күн көрүп келгендиги айтылат.

Көкөтөй укканын уккандай кулагына куюп алган, көргөнүн көргөндөй көкүрөгүнө түйгөн куйма кулак болуп, куюлуштуруп сүйлөгөн. Ал төмөндөгүдөй сыпатталат: Ак

жүздүү тарткан кашка баш барчын бүркүт кабактуу, бала жолборс жүрөктүү, орто бойлуу, кең далы, келте мурун, дөң кабак, жаян ооз, жазы жаак, жазы маңдай, жар кабак баарың шумкар үндөнүп, коңур үндүү кең тамак, буура булчуң, кула төш, бука моюн, аркар көз, кеби ширин, шекер сөз, кыргыз-казактын тарыхын сүйлөгөн, манаптардын кимдигин сүйлөгөн, бакырлардын теңдигин сүйлөгөн, байлардын сүткорлугун сүйлөгөн, кожо-молдонун анткорлугун сүйлөгөн, жасоолдордун жалакорлугун сүйлөгөн, акырында кыргыз баласынан кызыл тилдүүдө жок чечен болду. [2.20] Бул айтылгандар Көкөтөйдүн өзүнүн стилине жакындашып жаткандыгына караганда Актан Тыныбеков өзү сөздү баптап, таптап сөз бага билген, айта да жазада алган сөзмөр, чечендердин бири болгон сыяктуу. Буга чейин анын ысмы чечендер катарында айтылбаса да, калтырган мурастарын окуган адам кайдыгер калбайт. Анын материалдары сөздөрүнүн ары коздугу, кыраaты жана уккулуктуулугу менен айырмаланып турат.

Көкөтөйдүн таланты эрте, анын козу-кой кайтарып жүргөн кезинен эле билине баштайт. Ал ошол жаңы эс тартып келе жатканда эле капысынан жанындагыларды “селт” эттирген таамай, чокуга сайгандай тикендүү сөздөрдү айтып койгон. Айрым учурларда маңыроолонуп, эч нерсени аңдабаган ала көөдөндөнүп туруп, анын артында акылга толгон ойду бере алган. Бала деп эч ким маани бербесе да, анын элдик ырларды бат жаттап алып, кайсы жерде эл чогулуп, кызыктуу кеп башталса ага болгон көңүлүн коюп, кулагын түрүп баш оту менен кирип кеткени, элде айтылгандай “бирдеме чыгарынан” үмүттөндүрүп турган.

Ал Сарыбай байдын үйүндө койчу болуп жүргөн учурунда жолоочулап келе жатып Арстанбек ырчы түнөп калат. Ырга, сөзгө жакын Көкөтөй атын угуп жүргөн улуу ырчы кеткенче жанынан чыкпай, ар бир сөзүн, айткандарын илип алып, көкүрөгүнө сактап, үйрөнүп жанында жүрөт. Ошондо Арстанбек ырчы Көкөтөйдүн кепке жакындыгын байкап:

-Оо, иним, Өмүрбек экен өз атаң
Сарыбай экен эмки атаң,
Өлбөсөң адам болоорсуң,
Сени байкап турам баятан,
Ээ, иним, байыңдын аты Сарыбай,
Сен калыпсың байга жарыбай,
Болотту ороп куурга,
Мунун кудай бардыр малына ай!–дейт.[2.29]

Көкөтөйдүн колуна комуз алып ырдап, эл алдына чыкканы тууралуу маалымат жок. Бирок эрезеге жеткен сайын эл оозуна байдан-бектен тартынбай чындыкты сүйлөгөн кайраттуулугу, сөздү өз орду менен чукугандай таап айткан өткүрлүгү менен алына баштайт. Көкөтөй уруучулук күчүндө турган мезгилде жашагандыктан, заманынын алдыңкы адамы катары өз уруусунун намысы үчүн күрөшкөн. Ошондой окуяларынын бири болгон Ат-Башылык Куту бийдин ашында калыстык кылып, ортого түшүп, акырында Керкашканы сүрөп алдыга чыгарып келип, байге алганда Нарын тарапта эл оозуна алынган акындардын бири болуп, анча-мынча аш-тойлордон калбай, ырчылык кылган Солтоной аттуу ырчынын ырдаганы:

Керкашка чыгып шаңданды
Кепкордун баары таңданды
Касымаалы, Чокого
Капталдан Көкөң чаң салды.
Калыстык сүйлөп дубанга
Кара тил Көкөм байге алды
Катмардай жыгып дөөлөрдү
Кулактуу элүү жамбы алды
Кара жаак чечен булбулга
Калайык бүгүн таң калды

Көкөмдөн соогат алайын
Көрүшүүгө жол ачып,
Көпчүлүк кылчы жардамды
Калысташкан чечендер
Кайрып жооп бере албай ,
Көкө канчалары сандалд [2.80].

Ырда айтылгандай Көкөтөй кызыл тилдин устасы, ал маселе чечүүгө келгенде шартка жараша кээде жыга чапчуудай опурулуп, кээде акырындап, кыйытып айтып, айтор жеңишти алып келген. Жогоруда белгилегендей Көкөтөй белдүү тууганы жок, ар кайсы байдын кызматын кылып жүрүп чоңоюп, кедейликтин азабын көп көрсө да, эрезеге жеткенде кадыр – барк күтүп, байлар менен тең ата сүйлөп калган. Ал эми анын тайбастыгынан сөздүн күчү менен эл алдына сындырып коёт деп, бий-болуштар ачык каршы чыга албай тайсалдап турган. Көкөтөйдүн эл алдындагы кадыр-баркынын өсүшүнүн дагы бир себеби катары, кат-сабаты жок экендигине карабастан учурунда кыргыз тарыхын мыкты билгендигинде болот. Чечендиктин мыкты чебери гана болбостон, эл тарыхын, санжыра кептерди, баатырлардын эрдиктерин, жер маселесин чечүүдөгү маселелерди жакшы билип, айта билгендиктен элдин сүймөнчүлүгүнө татыйт. Эске тутуусу эң мыкты болуп, бир көргөнүн, бир укканын унутпаган Көкөтөй уруулар ортосундагы чырдын башы, анын чечилиши, манаптардын кылган иштери менен элдик баатырлардын эрдиктерин мыкты айткан кызыл тилдин устасы болгон. Ошентип, анын *биринчи өзгөчөлүгү* -элдик санжыраларды акылына сактап, кезеги келгенде келиштире айтып бере алгандыгы деп айтууга болот.

Өз мезгилинде кыргыз элинин кыйла жерине белгилүү болгон Көкөтөй чечен гана эмес куудул катары да таанылган. "Кыргыз акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очеркинин" куудулдар бөлүмүнө ал жөнүндөгү материалды киргизип жатып, түзүүчүлөр: "Куудулдардын портреттик бөлүмүнө Көкөтөйдүн портрети да жайгаштырылгандыгына байланыштуу бир маселени эскерте кетүүгө тийишпиз. Көкөтөй да айрым куудулдук окуяларды жараткан. Бирок эл аны чечен катарында билишет. Чечендиги менен атагы чыккан. Сөз искусствосу куудулдук өнөрдө да орчундуу ролду ойногон".–дейт. [3.378]

Көкөтөйдүн чыгармачылыгында элди күлдүрүү, шылдыңга алуу же тамаша менен бере турган оюн жеткирүү, маселе чечүү кеңири кездешкен. Кыргыз чечендер чыгармачылыгында бизге жеткен маалыматтар боюнча мындай каршысындагысын тамашага алуу менен сөзгө жыгуу Көкөтөйдүн чыгармачылыгы менен башталат. Буга чейин жашап өткөн Жээренче чеченден баштап, Манас доорунда жашап өткөн Ажыбай, Байжигит, Саламат, Таз чечендерде бул сыяктуу маалыматтар кездешпейт. [4.296] Демек, *экинчиден* ал-элдик куудулдук өнөрдүн баштоочуларынын бири болгон. Анын окуялары эл эсинде сакталып калгандыгынын да бирден бир себеби, тапкычтыгын, айлакерлигин өз кара жанын гана эмес, өзүнө окшогон бей-бечаралардын кызыкчылыгы үчүн колдонгонунда тургандыгын белгилөөгө болот.

Көкөтөй жөнүндөгү материалдарды, анын окуяларын карап отуруп, анын көрөгөч, акылман, даанышман, сынчы экендигин айтууга болот. Көкөтөй жокчулукту башынан өткөргөндүктөн колунда жокторго абдан *боорукер* болгон. Буга мисал катары көпчүлүккө белгилүү Узун Ууру менен достошкон окуясын айтууга болот. Колунда барлардын кордугун көп көрүп *адилеттүү* болууга тырышкан. Кыргыздын далайына белгилүү айтылуу Көкөтөй чечен болгонуна карабастан, өмүрүнүн акырына чейин өзүнө жетишээрлик гана оокат күтүп, бийлик менен байлыкка умтулган эмес, дүйнөкор болгон эмес экен. Өзүнүн акылмандыгын кызыл тили менен гана көргөзбөстөн, кыял-жоругу, кылган иштери менен кошо көргөзгөн б.а. акыл айтып отуруп алган эмес, баскан-турганы, кыймыл-аракети, иштери менен билгизген. Көкөтөй чечендик өнөр [6.156] ээлеринин ичинен көрөгөч чечен [5.358] катары өмүрүнүн акырына чейин элдин атынан сүйлөп, эл үчүн күйгөн адам боюнча калган.

***Адабияттар:***


1. Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б.1996. – Б.427.
2. Тыныбеков А. Актан. Б.: Адабият 1991.-С.304.
3. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф.:1988.-Б.378.
4. Манас. Эпос.1-китеп. С.Орозбаковдун варианты. Ф.:Кыргызстан.-Б.296.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы.- 1-том, Б.: 2004.-Б.684.
6. Обозканов А. Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты. Б.:Шам.2006.-Б.263.